УДК: 37.013 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.556**

КИЙИЗ, ШЫРДАК, КУРАК – ЭЛДИК КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК АРКЫЛУУ БАЛАНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨСТҮРҮҮ

Таабалдиева А.А., ОшМПУнун окутуучусу, магистр
ajnurutaabaldieva@gmail.com **ORCID: 0009-0009-0155-3866**

ВОЙЛОК, ШИРДАК, КУРАК – РАЗВИТИЕ ДЕТСКОГО ТВОРЧЕСТВА ПОСРЕДСТВОМ НАРОДНЫХ РЕМЕСЕЛ

Таабалдиева А.А., ОшГПУ, преподаватель, магистр

FELT, SHIRDAK, KURAK – DEVELOPING CHILDREN'S CREATIVITY THROUGH FOLK CRAFTS

Taabaldieva A.A., OhsGPU, teacher, master

Аннотация: *Макалада кийиз, шырдак, курак сыяктуу кыргыз элинин салттуу кол өнөрчүлүк мурастары аркылуу мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү маселеси каралат. Бул изилдөөнүн максаты – элдик педагогиканын негизинде балдардын акыл-эсин, сезимин жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүдөгү ролун терең изилдөө болуп саналат.*

Мында кол өнөрчүлүк элементтерин колдонуу аркылуу балдардын түстү айырмалоо, формаларды таануу, элестетүү жана өз алдынча иш алып баруу жөндөмдөрү калыптанары айкын көрсөтүлөт. Макалада оюн ыкмалары аркылуу окутуунун натыйжалуулугу негизделип, балдардын кызыгуусун арттыруудагы мааниси каралат. Изилдөөнүн негизги жүрүшүндө балдардын чыгармачылык активдүүлүгү жогорулап, өз оюн эркин, даана жана так билдирүүгө умтулуусу байкалганы аныкталган.

Жыйынтыгында элдик кол өнөрчүлүк менен мектепке чейинки билим берүүдө маанилүү педагогикалык каражат катары бааланып, ошондой элн аны практикада кеңири колдонуу сунушталат.

Ачкыч сөздөр: *кийиз, шырдак, курак, кол өнөрчүлүк, элдик педагогика, акыл-эс, тарбия, билим, түстөр, ой жүгүртүү.*

Аннотация: В статье рассматривается вопрос развития творческих способностей детей дошкольного возраста посредством традиционных кыргызских ремесел, таких как войлок, ширдак и курак. Цель исследования – провести углубленное изучение роли народной педагогики в развитии интеллекта, чувственности и творческих способностей детей.

Наглядно показано, что использование элементов ремесла способствует развитию у детей способности различать цвета, распознавать формы, фантазировать и работать самостоятельно. В статье обосновывается эффективность обучения игровыми методами и рассматривается его важность в повышении интереса детей. В ходе исследования было установлено, что у детей повысилась творческая активность, они стремились выражать себя свободно, ясно и точно.

В результате народные ремесла рассматриваются как важный педагогический инструмент в дошкольном образовании, и рекомендуется их широкое применение на практике.

Ключевые слова: *войлок, ширдак, возраст, ремесло, народная педагогика, разум, образование, знания, цвета, мышление*

Abstract: *The article considers the issue of developing the creative abilities of preschool children through traditional Kyrgyz handicrafts such as felt, shirdak, and kurak. The purpose of this study is to conduct an in-depth study of the role of folk pedagogy in developing children's intelligence, feelings, and creative abilities.*

It is clearly shown that through the use of handicraft elements, children develop the ability to distinguish colors, recognize shapes, imagine, and work independently. The article substantiates

the effectiveness of teaching through game methods and considers its importance in increasing children's interest. In the main course of the study, it was found that children's creative activity increased, and they sought to express themselves freely, clearly, and accurately.

As a result, folk crafts are considered an important pedagogical tool in preschool education, and it is recommended that they be widely used in practice.

Key words: *felt, shirdak, age, handicraft, folk pedagogy, mind, education, knowledge, colors, thinking.*

Кийиз, шырдак, курак – бул кыргыз элинин байыркы дооpлордон бери сактап келген баалуу маданий мурастарынын бири. Бул өнөрлөр элдин турмуш-тиричилиги, табият менен болгон байланышы, дүйнө таанымы менен тыгыз байланышта калыптанган. Ошол эле учурда бул мурастар баланын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүдө өтө маанилүү каражат болуп эсептелет.

Кийиз жасоо процесси өзү эле чоң чыгармачылыкты талап кылат. Жүндү тандап алуу, аны тазалоо, боёо, андан соң ар кандай оймо-чиймелерди түшүрүү – мунун баары баланын элестетүүсүн, түстөрдү айкалыштыруу жөндөмүн өстүрөт. Бала кийиз менен иштеп жатып, өз оюн материал аркылуу чагылдырууга үйрөнөт. Бул анын ички дүйнөсүн байытып, эстетикалык табитин калыптандырат.



Кийиз — бул жүн (койдун жүнү) басылып, жууп-тазалап, жайылып, суу жана самын кошулуп, тыгыздалып, кийизге айланат жана андан керектүү буюмдар жасала турган материал. Кийиз кыргыздардын салттуу кол өнөрчүлүгүндө (боз үйдүн жабуусу, жылуу кийимдер, калпак, чепкен ж.б.) абдан маанилүү орунду ээлейт.



Шырдак — бул кийизден жасалган эки түрдүү түстөгү кийизден оймолор кесилип, оюмдар бири-бирине алмаштырылып тигилген кыргыздын улуттук төшөгү жана буюмдары. Четтери кооздолуп, бекемделген кооз оймо-чиймелер менен жасалып, үйдүн ичин кооздоп турат жана чыдамкайлыкты өнүктүрөт. Ошондой эле бала ар бир оймонун маанисин түшүнүү аркылуу улуттук баалуулуктарды тереңирээк сезип, кызыга баштайт. Шырдак жасоо – бул өзгөчө тактыкты жана ой жүгүртүүнү талап кылган өнөр. Оюмдарды өз ордуна жайгаштыруу, түстөрдүн шайкештигин табуу жана майда деталдарга көңүл буруу – булардын баары баланын логикалык ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзөт.



Курак — ар кандай майда бөлүктөргө кесилген кездеме бөлүктөрүн бириктирип, белгилүү бир формада жайгаштырып тигүү аркылуу жасалган кыргыздын улуттук кол өнөрчүлүк буюму. Курак кураштыруу – бул ар түрдүү кездемелерден жаңы буюм жаратууну камтыйт. Мында бала эски нерселерге жаңыча көз караш менен карап, аларды кайра колдонуу аркылуу кызыгуусун арттырып өзгөчө композиция түзүүгө үйрөнөт. Курак - баланын фантазиясын эркин, оюн өнүктүрүп, ар бир бөлүктөн бир бүтүндү жаратуу (жасоо) жөндөмүн бекемдейт.

Бул кол өнөрчүлүк түрлөрү элдин турмушунда практикалык гана эмес, тарбиялык, эстетикалык жана руханий мааниге да ээ болуп сакталып келген. Ар бир шырдактын оюму, ар бир курактын түс айкалышы жөн гана кооздук үчүн эмес, андагы терең маанини, элдин дүйнө таанымын жана ой жүгүртүүсүн чагылдырат. Бул мурастарды мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиясында колдонуу баланын ар тараптуу өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизет. Ошондой эле элдик кол өнөрчүлүк менен алектенген бала жөн гана буюм жасап койбостон, өз элинин тарыхын, маданиятын, салт-санаасын, каала-салтын да үйрөнөт. Бул кол-өнөрчүлүк баланын улуттук аң-сезимин ойготуп, өз тамырына болгон сый-урматын күчөтөт. Мындан сырткары, кол менен иштөө баланын майда моторикасын жакшыртып, сабырдуулукка, эмгекчилдикке жана чыгармачылыкка тарбиялайт.

Бүгүнкү күндө билим берүү системасында баланын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү эң маанилүү багыттардын бири болуп каралат. Демек, чыгармачылык – бул баланын өз алдынча ойлонуу, жаңы нерселерди табуу, айлана-чөйрөнү өз алдынча түшүнүү жөндөмү. Мектепке чейинки куракта бул сапаттардын калыптанышы баланын кийинки билим алуусуна терең жана бекем негиз түзөт. Бул жагынан алганда элдик педагогиканын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу өзгөчө маанилүү. [1. Акматалиев А.С. (Б.: «Кыргызстан», 1996. – 328 б.)]

Элдик педагогика – элдин көп кылымдык тажрыйбасына негизделген тарбия берүү системасы. Ал балдардын табигый өнүгүүсүнө ылайык келип, жөнөкөй, түшүнүктү жана натыйжалуу ыкмаларды камтыйт. Кийиз, шырдак жана курак сыяктуу кол өнөрчүлүк түрлөрү ушул элдик педагогиканын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Алар аркылуу бала өзүнүн көрүү, кармоо, сезүү, ойлонуу сыяктуу негизги психикалык процесстерин өнүктүрөт.

Мектепке чейинки курактагы балдар дүйнөнү негизинен сезимдери аркылуу кабыл алышат. Балдар үчүн кармап көрүү, сезип көрүү, ойноо, салыштыруу абдан маанилүү. Мисалга алсак, кийиздин жумшактыгын сезүү, шырдактын оюмдарын көрүүгө кызыгуу, курактын түстөрүн салыштыруу бул баланын сенсордук өнүгүүсүнө чоң таасир этет. Бул процессте балдар түстөрдү айырмалоону, формаларды таануу, алардын ортосундагы байланышты түшүнүүнү үйрөнөт.

Шырдактагы оймо-чиймелер баланын элестетүүсүн, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө өзгөчө роль ойнойт. Ар кандай формадагы оюмдар балага жаныбарларды жана табият көрүнүштөрүн же ар кандай нерселерди элестетүүгө жардам берет. Бул учурда тарбиячы балдардан “Бул эмнеге окшош?”, “Сен муну кандай көрүп жатасың?” деген сыяктуу суроолорду берүү аркылуу баланын ой жүгүртүүсүн активдештире алат. Натыйжада бала өз оюн эркин айтууга жана фантазиясын колдонууга үйрөнөт. [2. 328 б.]

Курак кураштырууда баланын чыгармачылыгы, фантазиясы өзгөчө активдүү өнүгөт. Себеби бул процесс балага тандоо мүмкүнчүлүгүн берет. Ал кайсы түстү тандайт, кандай форма жасайт, аларды кантип бириктирет – мунун баары баланын өз алдынча чечим кабыл алуусуна түрткү берет. Мындай иш-аракеттер балага логикалык ой жүгүртүүнү да, чыгармачылык ой жүгүртүүнү да бирдей өнүктүрөт. Ошол учурда эле бала эмгектин натыйжасын көрүп, өзүнө болгон ишенимин арттырат.

Мектепке чейинки билим берүүдө оюн бала тарбиялоодо негизги орунду ээлейт. Ошондой эле кол өнөрчүлүк элементтерин окутууда оюн ыкмаларын колдонуу өтө маанилүү. Мисалы: “Шырдакты кооздойбуз”, “Куракты чогултабыз” деген сыяктуу оюндар аркылуу балдардын кызыгуусун арттырып, сабакка активдүү катышуусун камсыз кылат. Оюн аркылуу бала жаңы билимди оңой кабыл алып, аны (колдонуу) практикалык иш менен бекемдейт.

Кол өнөрчүлүк баланын эмоционалдык өнүгүүсүнө да чоң таасир этет. Өз колу менен бир нерсе жасоодо балада кубаныч, сыймык, канааттануу сезимдерин жаратат. Мындай сезимдер анын окууга болгон кызыгуусун арттырып, жаңы нерселерди үйрөнүүгө болгон мотивациясын күчөтөт. Мындан тышкары балада сабырдуулук, тыкандык, жоопкерчилик жана эмгекчилдик сыяктуу сапаттар калыптанат. [3. 672 б.]

Изилдөө ишин жүргүзүүдө мектепке чейинки курактагы балдарга жөнөкөй жеңил, түшүнүктүү тапшырмалар берилди. Аларга түстөрдү тандоо, формаларды кураштыруу, өз оюн

айтууга мүмкүнчүлүк түзүү сыяктуу иш-аракеттер уюштурулду. Мында балдардын чыгармачылык активдүүлүгү жогорулап, балдардын өз алдынча иш алып барууга болгон кызыгуусу арткандыгы байкалды. Көбүнчө балдар өздөрү жасаган иштерге өзгөчө маани берип, аларды башкаларга көрсөтүүгө аракет кылышты.

Бул изилдөөдө көрсөткөндөй, элдик кол өнөрчүлүк алардын акыл-эс өнүгүүсүнө да оң таасирин тийгизет. Мында балдар салыштыруу, талдоо, жалпылоо сыяктуу өз ой жүгүртүү операцияларын өздөштүрө башташат. Мисалы, кайсы түс, кайсы бир түскө жакшы шайкеш келет, кайсы форма туура келет деген суроолор аркылуу бала логикалык ой жүгүртүүгө үйрөнөт.

Бул процессте тарбиячынын ролу абдан чоң маанилүү. Тарбиячы балдарга даярдап келген даяр үлгүнү гана көрсөтпөстөн, алардын өз алдынча ойлонушуна шарт түзүшү керек. Ошондой эле баланын ар бир аракетин колдоо, мактоо, багыт берүү анын чыгармачылык потенциалын ачууга да жардам берет. Мындай учурла балага катуу талап коюудан көрө, жумшак багыт берүү ыкмасы натыйжалуу болуп саналат.

Жыйынтыгында кийиз, шырдак, курак сыяктуу элдик ар кандай кол өнөрчүлүк түрлөрү мектепке чейинки курактагы балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн эффективдүү каражаты болуп эсептелет. Ошондой эле баланын акыл-эсин, сезимин, эстетикалык табитин жана өз алдынча иш алып баруу жөндөмүн калыптандырууда чоң роль ойнойт. Мектепке чейинки билим берүү системасында балдарга элдик педагогиканын элементтерин кеңири колдонуу абдан зарыл. [4. Интернет булактары]

Мындан кийин бул багытта изилдөөлөрдү тереңдетүү, жаңы методикалык усулдарды иштеп чыгуу жана практикага киргизүү актуалдуу болуп саналат. Себеби улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия берүү балдардын руханий жактан бай, чыгармачыл жана ар тараптуу өнүккөн инсан болуп калыптанышына өбөлгө түзөт. Жыйынтыгында, кийиз, шырдак, курак сыяктуу элдик кол өнөрчүлүк түрлөрү баланын чыгармачылыгын, фантазиясын, ой-жүгүтүүсүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу жолу болуп саналат. Алар аркылуу бала өз оюн эркин айтууга, кооздукту көрүп, сезүүгө жана улуттук мурасты баалоого үйрөнөт.

Колдонулган адабияттар:

1. *Акматалиев А.С. Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү: Колдонмо / Көркөмдөгөн сүрөтчү К.Коеналиев; Илим. проп. «Мурас» ишкер долбоору. – Б.: «Кыргызстан», 1996. – 328 б.*
2. *Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 1-2-китеп. С.Орозбаковдун варианты / Сүрөтчүсү А.Акматов; Адаб. жана искусство ин-ту; Б.: Кыргызстан. 1995. – 568 б.*
3. *Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 3-4-китеп. С.Орозбаковдун варианты / Сүрөтчүсү А.Акматов. – Б.: Кыргызстан. 1995. – 672 б.*
4. *Интернет булагы*